УДК 159.9:316.6

# ПСИХОЛОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ КУЛЬТУРНОГО НАСЛЕДИЯ В ФОРМИРОВАНИИ ЦЕННОСТНОЙ ОРИЕНТАЦИИ СТУДЕНТОВ

***Н.Т. Чолпонкулова***

Рассматривается психологический анализ ценностной ориентации студентов в аспекте влияния культурного наследия народа на ее формирование. В условиях демократизации общества использование культурного наследия в качестве средства воспитания приобретает особую необходимость и актуальность, так как это стимулирует развитие национального самосознания, способствует укреплению межэтнических связей и является фактором консолидации и стабилизации ситуации в стране. Сделана попытка раскрытия значения и влияния Всемирных игр кочевников как нового социокультурного фактора на ценностные ориентации студентов. Всемирные игры кочевников олицетворяют собой арену, на которой транслируются не только культура и ценности кочевого народа, но также создаются условия для формирования позитивной этнической идентичности и ценностной ориентации. Ибо ценностная ориентация личности является не только психологическим компонентом этнической идентификации, но также механизмом личностного развития и самореализации.

*Ключевые слова:* ценностная ориентация; ценностное сознание; социализация; инкультурация; новый социокультурный фактор; культурное наследие; Всемирные игры кочевников.

# СТУДЕНТТЕРДИН БААЛУУЛУЛУК БАГЫТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА МАДАНИЙ МУРАСТАРДЫН ПСИХОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ

Макалада элдин маданий мурасынын анын калыптанышына тийгизген таасиринин аспектисинде студенттердин баалуулук багыттарына психологиялык талдоо жүргүзүлгөн. Коомду демократиялаштыруу шартында маданий мурастарды тарбиялоонун каражаты катары пайдалануу өзгөчө мааниге жана актуалдуулукка ээ болууда. Себеби мунун өзү улуттук жандануу процесстерине түрткү берип, коомду консолидациялоочу фактор катары кызмат өтөшүнө шарт түзүп, мамлекеттик туруктуулуктун жана өнүгүүнүн фактору катарында бааланат. Ошондой эле макалада азыркы кездеги студент жаштардын баалуулук аң-сезимине Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жаңы маданий жана социалдык фактор катары таасир этүүсүнүн маанисин ачууга аракет жасалды. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары кыргыз элинин маданиятын даңазалап, көчмөн элдин баалуулуктарын чагылдыра турган чоң аренага айланды. Ал жаштардын этникалык идентификация процесстерине гана эмес, ошол эле мезгилде баалуулук багыттарына да өзүнүн оң таасирин тийгизүүдө. Себеби инсандын баалуулук багыттары этникалык идентификациянын психологиялык компоненти болуу менен бирге инсандык жактан өнүгүүнүн жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн механизми болот.

*Түйүндүү сөздөр:* баалуулук багыты; баалуулук аң-сезими; социализация; инкультурация; жаңы маданий жана социалдык фактор; маданий мурас; Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары.

# THE PSYCHOLOGICAL VALUE OF CULTURAL HERITAGE IN THE FORMATION OF THE VALUE ORIENTATION OF STUDENTS

***N.T. Cholponkulova***

The article is devoted to the psychological analysis of the influence on the formation of the value orientation of contemporary students of cultural heritage. In the conditions of democratization of society, the use of cultural heritage as a means of education is of particular importance and relevance. Since it gives impetus to the process of national revival, it also provides an opportunity to use cultural heritage as a factor of consolidation, stabilization and development of society. The article also attempts to consider the peculiarities of the impact of the World Nomad Games as a new cultural and social factor on the value self-consciousness of modern students. The World Nomad Games glorify the culture of the Kyrgyz people and have become a big arena that reflects the values of the nomadic people. The games had a positive impact not only on the ethnic identity of students, but also on its value orientation. Since value

orientations, being a psychological component of ethnic identity, are also the basis of personal development and the mechanism of self-realization.

*Keywords:* value orientations; cultural heritage; value consciousness; ethnic identification; social factors; social mood and well-being; World Nomad Games.

Адамзат тарыхы үчүнчү миң жылдыктын босогосуна жакындап калган кезде заманбап Кыргызстанда маданий мурастарга көбүрөөк маани берилип, аң-сезимдүү мамиле кылуунун натыйжасында коомдук аң-сезимдин трансформациясы байкалууда. Себеби мунун өзү мамлекеттик стабилдүүлүктүн жана өнүгүүнүн фактору катарында бааланат. Жаңыча ой жүгүртүүнүн концепциясы катары кыргыз элинин маданий мурастарын сактоо максаты көздөлүп, ал улуттун өзүн-өзү сыйлоо, кадырлап-барктоо сезимдеринин жаралышынын жана дүйнөлүк коомчулукка Кыргызстандын таанымал болуусунун башкы себептеринин бири.

Бул сыяктуу трансформациялар жаштарга, айрыкча, бул топтун саны боюнча басымдуу бөлүгүн түзгөн студенттерге, көбүрөөк таасир этет, себеби алар – өзгөчө сезимтал, социалдык жана интеллектуалдык жактан өтө мобилдүү, ошону менен бирге көптөгөн көйгөйлөрү чечилбеген, мамлекет тарабынан социалдык коргоо жана камкордук көрүү программаларынын алкагына камтылбаган коомдун активдүү демографиялык тобу.

Студенттер – алгачкы социализация стадиясынан өткөн, каныккан мезгилде билим алууну, кесипти, маданиятты ж.б. социалдык функцияларды өздөштүргөн муун. *Ошондуктан* аларды кантип турмуштук активдүү позицияга үндөө, жалпы коомчулуктагы баалуулуктарга болгон жаштардын көз караштары кандай экендигин аныктоо, өздүк баалуулуктардын негизинде инсандык сапаттарды кантип калыптандыруу керектиги тууралуу көйгөйлөр жалпы коомчулукту, анын ичинде ар бирибизди ойлондурушу зарыл.

Илимий адабияттарда студенттердин баалуулук ориентациясын аныктоо максатында изилдөөчүлөрдүн конкреттүү теориялык концепцияга таянуусуна жараша төрт жүздөн ашуун аныктамалар сунушталат. Мисалы, Л.С. Рубинштейндин пикири боюнча “баалуулук ориентациясы инсандын аң-сезиминин жана жүрүш-турушунун багытын аныктап, коомдук мааниге ээ болгон иш-аракеттерде жана кылык-жоруктарда байкалат” [1, с. 148]. Ал эми Д.А. Леонтьев баалуулук ориентация катары субъекттин өздүк баалулуктарын, ал үчүн баалуу-нарктуу болгон нерселер жөнүндө түшүнүгүн эсептейт [2, с. 231]. В.Г. Алексеев баалуулук ориентациясын инсандын жашоодогу стратегиялык максаты жана дүйнөгө карата жалпы көз карашы катары түшүнөт [3].

Е.С. Волковдун оюу боюнча баалуулук ориентациясы социалдык жүрүш-турушту аң-сезимдүү түрдө жөнгө салат да, мотиватор катары ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүн тандоодо маанилүү ролду ойнойт [4]. Д.И. Фельдштейндин эмгектеринде баалуулук ориентациясы адамдын табигый жана социалдык чөйрөдө өзүнүн ордун аң-сезимдүү түрдө аныктоого жана жеке тажрыйбага, тынымсыз өзгөрүп турган конкреттүү кырдаалга таянып, өзүнүн жүрүш-туруш стилин жана ишмердүүлүгүнүн багытын аныктаган интегралдуу сапат катары каралат [5]. “Баалуулук ориентациясы, бир жагынан, инсандын социалдык активдүүлүгүнүн мазмунун жана багыттуулугун шарттаса, экинчи жагынан, анын социалдык жүрүм-турумун жөнгө салат” – деп Ю.А. Шерковин эсептейт [6].

Ошентип, жогорудагы ойлорду жалпылаштыруудан улам төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк ачылат: баалуулук ориентациясы инсандын багыттуулугун детерминациялап, анын дүйнөгө болгон көз карашын, турмуштук позициясын, социалдык активдүүлүгүн, жүрүш-турушун жана социалдык чындыкка, өзүнө карата мамилесин аныктайт.

Демек, студенттердин баалуулук ориентациясын изилдөө өтө маанилүү, себеби мындай анализ өзгөрүп жаткан социалдык шарттарга карата алардын адаптациялануу деңгээлинин өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле жаштардын потенциалын аныктоого жардам берип, коомдун өнүгүшүндөгү перспективалар жана тенденциялар жөнүндө прогноз кылууга өбөлгө түзөт.

Мындан сырткары жаштарды руханий жактан өнүктүрүү, коомдук консолидациянын жана мамлекетти бекемдөөнүн негизи болгон баалуулук ориентациясын калыптандыруу көйгөйүн чечүү өтө маанилүү деп бегилөөгө толук негиз бар.

Баалуулук багыттарын туура тандоо иши адамзат коомунун келечегин, дегеле жашоосун аныктай турган көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Ушундан улам бизди тынчсыздандырган Кыргызстандын келечеги кандай болот? Бизден кийинки муундар кыргыз тилин, маданиятын сактап кала алабы? деген сыяктуу суроолор пайда болот. Демек, бүгүнкү күндө биз жаштарга кандай тарбия-таалим бере алабыз, келечегибиз мына ошондон көз каранды болот.

Элдин маданий мурасы – бул рухий байлык, баалуулуктарды жана нравалуулукту тарбиялоонун

зор каражаты. Ал кандайдыр бир идеянын айланасында жаштардын башын бириктирип, граждандык коомду курганга жана улуттар ортосунда кызматташтык менен биримдикти күчөткөнгө жардам берген күчтүү фундаменттин милдетин аткарат.

Кыргызстанда коомду демократташтыруу шарттарында маданий мурастарды тарбиялоонун каражаты катары пайдалануу өзгөчө мааниге жана актуалдуулукка ээ болууда. Себеби мунун өзү улуттук жандануу процесстерине түрткү берип, коомду консолидациялоочу фактор катары кызмат өтөшүнө шарт түзөт.

Улуттук маданий мурастарды таанып билүү жана аларга карата баалуулук мамиленин калыптанышы инсандын бүткүл онтогенез процессинде ишке ашат. Бирок бул процесстер үчүн сензитивдүү мезгил деп студенттик куракты айтсак болот, себеби дал ушул курактык баскычта таанып билүүчүлүк жана интеллектуалдык процесстердин, инсандын эмпатия-рефлексивдүү сапаттарынын, социалдык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүнүн толук жетилиши байкалат.

Демек, студенттердин баалуулук ориентациясын маданий мурастардын таасири алдында калыптандыруу алардын психологиялык өнүгүү деңгээлине төп келип, олуттуу мааниге ээ боло баштайт. Албетте, мындай тарбия процесси мектеп окуучулук куракта башталышы керек, ошол себептүү КР “Билим берүү мыйзамында” билим берүүнүн мазмунунда регионалдык компонент каралган, б.а., тиешелүү аймактын маданиятын жана тарыхын таануу компоненти. Бирок аталган компонентти ишке ашыруу ушул предметтик чөйрөнүн тийиштүү деңгээлде илимий-теориялык жана методикалык жактан камсыздалбагандыктан азыркы күндө толук кандуу аткарылбай келет.

Акыркы мезгилде Кыргызстан тарабынан уюштурулуп жаткан Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары кыргыз элинин маданиятын даңазалап, көчмөн элдин баалуулуктарын чагылдыра турган чоң аренага айланды. Ал жаштардын этникалык идентификация процессерине гана эмес, ошол эле мезгилде баалуулук ориентациясына да өзүнүн оң таасирин тийгизүүдө. Себеби инсандын баалуулук ориентациясы этникалык идентификациянын психологиялык компоненти болуу менен бирге инсандык жактан өнүгүүнүн жана өзүн-өзү реализациялоонун механизми болот.

Кыргыз элинин маданий мурастарынын жогорку потенциалын кайрадан жандандыруу боюнча мамлекеттин саясаты Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын концепциясында чагылдырылып, “маданий мурастарды сактоо өнүгүү аркылуу, өнүгүү маданий мурастарды сактоо аркылуу” деген жалпы формула менен туюнтулат.

Албетте, мында жетектөөчү роль билим берүү системасына, анын ичинен жогорку окуу жайларына да таандык, себеби билим берүү системасы эң алгач социализация процесстерин ишке ашырат, маданий мурастарга баалуулук катары мамиле кылган инсандарды тарбиялоо социалдык талабын канагаттандырат. Бирок ошол эле мезгилде, башка социалдык институттар жана көрүнүштөр бул процесске өзүнүн таасирин тийгизет, алардын ичинен Көчмөндөр оюндары жаңы маданий жана социалдык фактор катары чоң мааниге ээ болууда.

Муну тастыктоо үчүн Стратегиялык изилдөөлөр боюнча улуттук институт менен ЮНИСЕФ биргеликте 2018 – жылдын сентябрь айында Кыргызстан жаштарынын арасында жүргүзүлгөн социологиялык иликтөөнүн жыйынтыктарын келтирсек. Изилдөөнүн максаты жаштардын Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарына (ДКО) карата мамилесин изилдөө. Изилдөөгө катышкандардын басымдуу бөлүгү (76,9 %) ДКО жөнүндө оң көз караште экендигин билгизишти. Алардын ичинен 57 % ДКО туристтерди өзүнө тарткан дүйнөлүк масштабдагы көрүнүш катары эсептешсе, 19,9 % көчмөндөр оюндары “элдин духун көтөрө турган” иш-чара экендигин баса белгилешкен. Ошондой эле изилдөөгө катышкан жаштардын белгилүү бир бөлүгү (19,5 %) ДКО карата терс пикирин билгизип, алардын ичинен 12,6% көчмөндөр оюндары “керексиз ысырапкорчулук”, ал эми 6,3 % “өлкөдө ДКО да маанилүү, бирок чечилбей жаткан маселелер да бар” деп жооп беришкен [7].

Бул социологиялык сурамжылоо жана ЫМУнун 2-курсунун 96 студенти менен биз уюштурган фокус-группанын жыйынтыгы көрсөткөндөй, жаштардын Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына карата позитивдүү мамилеси бул иш-чарага өзүнүн салымын кошууга, волонтердук кыймылдын активдешүүсүнө, патриоттук сезимдердин, улуттук ар-намыстын жогорулашына түрткү берген. Демек, көчмөндөр оюндары студенттердин социалдык, граждандык, этникалык жана инсандык активдүүлүгүнүн шыктандырып, позитивдүү эмоционалдык маанайды жана социалдык жактан өзүн-өзү сезүүсүн түптөп, социалдык жаратуу тенденцияларын жана мамлекеттин келечегине болгон ишенимди арттырды десек болот.

Ошондой эле ДКО этномаданий программасы кыргыз элинин маданий байлыгын чагылдырып, күчтүү тарбиялык таасир тийгизгендигин баса белгилесе болот. Себеби программада сунуш кылынган иш-чаралардын форматы байыркы көчмөн элдердин жашоосуна сүңгүп кирип кетүүгө, ошол замандын атмосферасын сезүүгө, өзүн этностун бир өкүлү катары кабыл алууга мүмкүнчүлүк берди. Муну фокус – группа учурундагы студенттердин

айрым билдирүүлөрү тастыктайт: “Кырчын жайлоосунунда жайгашкан байыркы шаарда жүргөндөй болот экенсин”*, “Өз жерибиздин коoздугуна суктанып, ушундай оюндар бизде болуп жаткандыгына сыймыктандым”, “Көчмөндөр оюндары биздин өлкөнүн бренди болгонуна, ошончо коноктор биздин жерибизге келип элибиздин меймандостугуна, жерибиздин кооздугуна, маданиятыбыздын байлыгына таң калгандыгы мени сыймыктандырат”, “Менде патриоттук сезимдер күч алып, кийики оюндар Т*үркияда боло тургандыгын мен кадимкидей ич күйдүүлүк менен кабыл алдым” ж.б.*у.с.*

Жаңы социалдык шартта студенттик жаштардын мындан аркы өнүгүшүнө, албетте, коомдук жашоонун турукташуусунан сырткары, жаштар кызыкчылыктарына жооп берген адекваттуу жаштар саясатын иштеп чыгуу керек. Жаштар саясаты биздин коомдун маданий мурастарына дал келген баалуулуктардын негизинде өз турмуш жолун эркин тандап алууга жөндөмдүү келген активдүү атуулдарды калыптандырууга багытталышы саналат. Бул учурда сөзсүз түрдө коомдун улуттук идеологиясын иштеп чыгуу маселеси курчуйт, анткени улуттук идеология – бул даяр нравалуулук баалуулуктар системасын өз ичине камтыган бирдиктүү стандарт.

Оюбузду жыйынтыктап жатып, төмөнкү өзөктүү ойлорду баса белгилөө зарыл:

- Студенттердин баалуулук ориентациясы инсандын багыттуулугун детерминациялап, анын дүйнөгө болгон көз карашын, турмуштук позициясын, социалдык активдүүлүгүн, жүрүш-турушун жана социалдык чындыкка, өзүнө карата мамилесин аныктайт.
- Студенттердин баалуулук ориентациясын изилдөө коомдун өнүгүшүндөгү перспективалар жана тенденциялар жөнүндө прогноз кылууга өбөлгө түзөт.
- Жаштардын маданий мурастарга карата баалуулук ориентациясын калыптандыруу – коомдук консолидациянын жана мамлекетти бекемдөөнүн негизи.
- Дүйнөлүк көчөмөндөр оюндары кыргыз элинин этнос катары өзгөчөлүгүн, маданий байлыгын чагылдырып, күчтүү тарбиялык таасир берүү потенциалына ээ, себеби ал маданий мурастарды трансляциялоочу социалдык институт.
- Көчмөндөр юндарында сунуш кылынган ишчаралардын форматы жана концепциясы жаштардын табитине туура келип, студенттердин баалуулук ориентациясын калыптандыруунун жаңы маданий-социалдык факторго айланды.

Студенттердин этномаданий баалуулук ориентациясынын калыптанышында Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын маанисин, алардын таасири астында инкультурация, социализация процесстеринин өзгөчөлүгүн ж.б. буга байланыштуу маселелерди андан ары окуп-үйрөнүү сөзсүз түрдө башка изилдөөлөрдүн предмети болот деп ишенебиз.

***Адабияттар***


1. *Рубинштейн С.Л.* Проблемы общей психологии / С.Л. Рубиншейн. М.: Педагогика, 1976. 415 с.
2. *Леонтьев Д.А.* Психология смысла: природа, структура и динамика смысловой реальности / Д.А. Леонтьев. М.: Смысл, 1999. 487 с.
3. *Алексеев В.Г.* Ценностные ориентации личности и проблема их формирования / В.Г. Алексеев. М.: Просвещение, 1979. 177 с.
4. *Волков Е.С.* Зависимость ценностных ориентаций студентов от смены видов деятельности / Е.С. Волков. М., 2001. 30 с.
5. *Гура С.А.* Ценностные ориентации современной молодежи и ее проблемы выбора образования / С.А. Гура. URL: http://library.uipa.edu.ua/images/data/zbirnik/30-31/11gsapce.pdf (кайрылуунун датасы 02.03. 2018).
6. *Шерковин Ю.А.* Проблема ценностных ориентаций и массовые информационные процессы / Ю.А. Шерковин // Психологический журнал. 1982. Т. 3. № 5. С. 135–146.
7. НИСИ: 76,9 % молодежи положительно отзывается об Играх кочевников. URL: http://kabar.kg/news/nisi-76-9-molodezhi-polozhitel-no-otzyvaetsia-ob-igrakh-kochevnikov/ (кайрылуунун датасы: 29.09.2018.)